## ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ

## ТЕХНОЛОГИЯ ОБУЧЕНИЯ

## TEACHING TECHNOLOGY

***Абдиева Курманкан Абдырасуловна,***
***«Брайт» Эл аралык билим берүү мекемеси,***
***окутуучу,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***e-mail: Abdieva@63inbox.ru***

# «МАНАС» ЭПОСУН ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕ ДИСПУТ ЫКМАЛАРЫ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН ООЗЕКИ КЕБИН ӨСТҮРҮҮ

***Абдиева Курманкан Абдырасуловна,***
***преподаватель,***
***Международное образовательное учреждение «Брайт»,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***e-mail: Abdieva@63inbox.ru***

# РАЗВИТИЕ УСТНОЙ РЕЧИ УЧАЩИХСЯ МЕТОДОМ ДИСПУТА В ПРОЦЕССЕ ПРЕПОДАВАНИЯ ЭПОСА «МАНАС»

***Abdieva Kurmankan Abdyrasulovna,***
***Teacher,***
***«Bright» International Educational Institution,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***E-mail: Abdieva@63inbox.ru***

# DEVELOPMENT OF STUDENTS’ ORAL SPEECH THROUGH DISPUTES IN THE PROCESS OF TEACHING THE «MANAS» EPIC

***Аннотация:*** *Макалада автор «Манас» эпосун окутуу процессинде окуучулардын талаш маселе боюнча өз оюн оозеки билдире билүү көндүмүн диспут ыкмасы аркылуу өнүктүрүү багыттарын көрсөткөн. Азыркы учурда окуучунун жекече көз карашын так, туура жана мазмундуу кеп аркылуу оозеки айта билүүсү адабият сабагында тынымсыз калыптандыруу зарылдыгы келип чыгууда. Анткени баланын өз оюн эркин жана көркөм, негиздүү айта алуусун улуттук тилибиздин көркөм сөз казынасы болгон «Манас» эпосун окутууда ар кандай формалар жана ыкмалар аркылуу жигердүү иш формалары аркылуу калыптандырууга болот. Окуучунун оозеки кебине коюлган методикалык талаптарга ылайык мугалим сынчыл ой жүгүртүүгө түрткөн чыгармачыл суроо-тапшырмалардан тартып, өз оюн, позициясын билдире билген проблемалуу доклад окууга, каршы тараптардын далилдерин талдаган диспут сабактарга катышууга чейинки жогорку кептик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө шарт түзгөн иш формаларын жүргүзүү зарыл деп белгиленген.*

***Аннотация:*** *В статье автор показывает направления развития у учащихся умения устно выражать свое мнение по спорным вопросам методом диспута в процессе обучения эпосу «Манас». В настоящее время существует необходимость постоянного развития у учащихся умения устно выражать свои личные взгляды посредством ясной, правильной и содержательной речи на уроках литературы. Потому что способность ребенка свободно, художественно и обоснованно выражать себя можно сформировать через активные формы работы, через различные формы и методы обучения эпосу «Манас», являющемуся художественной сокровищницей нашего национального языка. В соответствии с методическими требованиями к устной речи учащихся преподаватель должен проводить такие формы работы, которые способствуют развитию высших речевых навыков: от творческих вопросов и заданий, побуждающих к критическому мышлению, до чтения проблемных докладов, выражающих собственное мнение и позицию, и до участия в занятиях по дебатам, анализирующих аргументы и факты противоборствующих сторон.*

***Annotation****: In the article, the author shows the directions of developing students' ability to express their opinions orally on controversial issues through the dispute method in the process of teaching the epic "Manas". Currently, there is a need to constantly form the student's ability to express his personal point of view orally through accurate, correct and meaningful speech in literature lessons. Because the child's ability to express his opinion freely and artistically, based on the artistic vocabulary of our national language, the epic "Manas", can be formed through active forms of work using various forms and methods. In accordance with the methodological requirements for the student's oral speech, the teacher should conduct work forms that facilitate the development of higher speech skills, from creative questions and tasks that encourage critical thinking, to reading a problematic report in which he can express his opinion and position, to participating in dispute lessons where he analyzes the arguments and facts of opposing sides.*

***Түйүндүү сөздөр****: оозеки кеп, «Манас» эпосу, окутуу процесси, эркин сүйлөө, жеке көз карашы, далилдер, баяндама, талаш-тартыш, ишенимдүү, кептик көндүм, кептик инсан.*

***Ключевые слова****: устная речь, эпос «Манас», процесс обучения, свободная речь, личная точка зрения, доказательство, доклад, дискуссия, уверенность, речевые навыки, речевая личность.*

***Key words****: oral speech, the epic "Manas", the learning process, free speech, personal point of view, evidence, report, debate, confidence, speech skills, speech personality.*

**Киришүү**. Оозеки кепке үйрөтүүнүн негизинде, оозеки кепке гана мүнөздүү *көндүмдөрдү калыптандыруу процессиндеги окуучунун оозеки айтып берүүгө даярдануу жана айтып берүү этаптары* төмөндөгүдөй жүрөт деп айта алабыз:

1) Оозеки айтып берүүгө зарыл болгон материалдарды топтоштуруу;

2) Материалдарды системалаштырып оозеки айтып берүүгө даярдоо;

3) Оозеки айтып берүүнү белгилүү бир композициялык формага келтирүү;

4) Оозеки айтып берүүнүн темасын ачып берүү;

5) Оозеки айтып берүүнүн негизги идеясын ачуу жана жыйынтыктоо;

Окуучулардын оозеки айтып берүүсүнө убакыт берип, бала ушул убакытта жогорудагы этаптар боюнча даярданып алуусу зарыл. Азыркы адабиятты окутуу практикасында да мындай көндүмдөрдү калыптандырууга мугалимдер азыраак көңүл бурушат. Натыйжасында, окуучунун оозеки жооптору *ырааттуулугу, тактыгы жана көркөмдүүлүгү* жагынан аксап турат. «Оозеки жооп да дил баян сыяктуу эле машакаттуу, кыйын иш, ага маани бербей коюуга болбойт» [1]. Авторлор андан ары жандуу кепке коюлган талаптарды санап өтүп, оозеки кептин дагы бир айырмачылыгы – көрктүүлүгү, *угууга ылайыкталганы* экендигин баса белгилешкен. Анда ой-сезимди берүүнүн сырткы каражаттары – үндүн көтөрүңкү же

басыңкы болушу, вербалдык каражаттардын ишке кирип, тыным, логикалык басым маанилүү роль ойной тургандыгын эскертишет. Оозеки жооптун мазмундуу болушуна окуучунун эпостун сюжетин, идеясын жана тил байлыгын жакшы билип, талдай алышы, керектүү учурда көрктүү окуп, эпостун көркөм сөз каражаттарынан колдоно билүүсү оозеки жоопту же айтып берүүнү жогорку деңгээлге көтөрөт.

**Изилдөөнүн максаты**. «Манас» эпосунун окутуу процессинде окуучунун оозеки эркин сүйлөй билүү көндүмдөрүн өстүрүүгө негиз болгон маек кебинин чыгармачыл суроо жана тапшырмаларды, монологдук кептин талаш-тартыш мүнөзүндөгү баяндамаларды берүү жана диспут ыкмаларын колдонуу менен окуучунун оозеки кебин программалык талаптарга ылайык калыптандыруу.

**Изилдөөнүн методу.** Эпостун материалдарынан диспут сабактарга ылайык темаларды классификациялоо, чыгармачыл суроо-тапшырмаларды, талаш маселени жараткан баяндама, сабактардын темасын топтоштуруу. Окуучулардын оозеки жоопторун, баяндама жана билдирүү түрүндөгү монологдук кебин жана диспут сабактардагы өз оюн эркин, так, көркөм айта билүү көндүмдөрүн талдоо, баалоо жана жалпылаштыруу.

**Негизги мазмуну.** «Манас» эпосу боюнча берилген чыгармачыл суроо-тапшырмалар окуучуну диалогдук кепке машыктыруу менен, удаалаш жүргөн сөз өстүрүү иштери жана образдарды талдоо аркылуу баланын ой жүгүртүүсүн, эстетикалык табитин өнүктүрүп, ***диспут жана талкууларды*** уюштурууга негиз болот. Мындай формадагы сабактар окуучунун ой жүгүртүүсүн кыйла активдештирүү менен кептин оозеки түрүн өнүктүрүүнүн натыйжалуу ыкмаларынан болуп эсептелет. Башка ойдогу адамдын көз карашын уга билүүгө, туура келбеген учурларын маданияттуу, далилдүү жана негиздүү жокко чыгарууга же коргоого жана далилденген жоболорун талдап кабыл алууга үйрөтөт. «Диспут – бул пикирлердин кармашы, ойлордун карама-каршылыгы, маселеге жамаатташып сүңгүп кирүүнүн формасы... Диспут сени далилдүү сүйлөөгө, бирөөнүн ой-пикирин уга билүүгө, адамды сыйлоо сезимин калыптоого, логиканы өстүрүүгө жатыктырат. Талашып-тартышуу деген оңой нерсе эмес, ага үйрөнүү керек. Диспутта чындык изделет». Методисттер окуу процессиндеги талашып тартышуучу темалар:

- бир беткей жоопту эмес, көп жактуу талдоону талап кылган олуттуу маселени козгогон тема болуусу;

- ар бир бала жана класстык жамаат үчүн маанилүү, кызыктуу жана зарыл маселе болушу керек;

- бул маселени чечүү үчүн жамааттык аракет, өз ара чогуу ишмердүүлүк талап кылынуусу зарыл деген талаптар коюлат. «Манас» эпосу боюнча 8-класста өткөрүлгөн сабактардын жыйынтыктоочу этаптарында төмөнкүдөй талаш маселелерди талкуулоого негиз болгон *көйгөйлүү суроолорду, жагдайларды* сунуштап диспут сабагына даярдоого болот:

*Мисалы:*

*1.* Кандын аялы *сулуу, назик* жана туруктуу болгону жетиштүү. Ал эми акылдуу, чечкиндүү, уз жана сарамжалдуу болуу кандын аялына (Каныкей сыяктуу) милдет эмес. (Жоопто төмөнкү сөздөрдү колдонгула*: менимче, анткени, ошондуктан, тилекке каршы, чын эле, бул пикирге каршымын, макулмун, туура айтасыз, ошол себептен, кыскасы)*

*2. «Көкөтөйдүн ашы – көп чатактын башы»* деп айтылгандай, кыргыз тааныпбаган кыйла элдин баарын, сөөк өчтүү көп душманды ашка чакырып, байге талаш менен намыс таймаш болгон ашта алакандын отундай кыргыздар кайра душмандарын көбөйтүп алган жокпу?

*3.* Манас баатыр Бээжинге Чоң Казатты уюштуруп туура жасады деп ойлойсуңарбы, *бул казатта кыргыздар жеңдиби же жеңилдиби?*

4. Семетей ички душмандардын талоонуна түшкөн элин куткарат, андан кийин гана Коңурбайдан атасынын *өчүн алат.* Кечээги Манас менен жанаша жүргөн хандардын,

аталаш туугандарынын Семетей үчүн кытай-калмактан *да коркунучтуу душмандарга айланганын* кандайча түшүндүрүүгө болот?

5. «Сейтек» эпосундагы эр жигиттердин Күлчоро, Сейтектин да алы жетпеген *Сарыбай дөөнү кыз балбан Куялынын өлтүрүшү* канчалык реалдуу деп ойлойсуңар?

Бул талкуулоочу маселелер, көйгөйлүү суроолор үйгө тапшырма катары ой калчоого берилип, сабакта бир катар майда суроолор менен дагы такталат. Класста бул маселени эки башка чечкен эки топторго бөлүнүшөт. Маселени *топтордо талкуулашат, такташат жана далилидешет*. Өз чечимдеринин долбоорун *презентациялашат* жана мугалим катышуучулардын жоопторун талдап жыйынтыктайт. Сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүүдө колдонулган ыкмаларды жигердүү колдонуу, интерактивдүү окутуу менен окуучулардын жуптарда, топтордо *өз ара жигердүү пикир алышуу* ыкмасы азыр кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илиминде кеңири изилденип, алдыңкы мугалимдер тарабынан жигердүү колдонулуп келе жатат [2; 3; 4]. Жогоруда аталган сабактардагы суроолордун жана тапшырмалардын дискуссиялуу мүнөзү, СОЖ технологияларын жана интерактивдүү ыкмада өткөрүлгөн сабактарда окуучу талаш-тартышка жигердүү катышып, өз ой пикирин билдирип чыгышы мугалим тарабынан кубатталып турушу зарыл. Мындай кайчы ойлорго карата пикир билдирүү, талаш маселеге жекече позициясын айтуу окуучунун оозеки кептин монолог формасы болгон доклад түрүндө машыгуусу максатка ылайык келет.

***Баяндама жана маалымат берүү*** окуучунун негизги көндүмдөрүнүн катарына кирет. Бул көндүмдөр татаал, синтетикалык көндүмдөргө кирет, анткени ал бир жагынан окуучу башталгыч мектепте эле калыптанган кептик билгичтиктерге *(көркөм окуу, текстти кайра айтып берүүнүн түрлөрү, суроолорго оозеки жооп берүү, суроо түзө билүү, оозеки баяндама, оозеки баяндаманын планын түзө билүү*) таянса, экинчи тараптан адабият темасына доклад, маалымат даярдоо көндүмдөрүн аң-сезимдүү түрдө калыптандыруусу зарыл. Мындай көндүмдөргө төмөнкүлөр кирет:

- баяндаманын негизги темасын жана идеясын аныктай алуу;
- темага карата милдеттерге ылайык баяндаманын структурасын тандоо;
- баяндамага же билдирүүгө план түзүү;
- баяндаманын мазмунуна карата материалдарды табуу; (*адабий тексттер, сын макалалар, адабият таануу боюнча атайын эмгектер, архивдик документтер жана музей экспонаттары)*
- чогулган материалдарды максатка ылайыктуусун системалуу иргеп алуу, аларды баалоо жана текст түзүү;
- эл алдында чыгып сүйлөй билүү, аудиториянын көңүлүн өзүнө буруу;
- аудиториядан берилүүчү ар кандай мазмундагы суроолорго жооп берүү;
- курч жагдайлардан чыга билүү көндүмдөрү болуп саналат.

Мындай көндүмдөргө үйрөтүүдө баяндамалардын түрлөрүн ажыратып үйрөтүү, окуучунун оозеки кептин бул түрүнө натыйжалуу даярданууга шарт түзөт.

Мазмуну жана материалынын структурасы боюнча докладды ***маалыматтык, изилдөөчүлүк, проблемалуу-талаштуу*** болуп бөлүүгө болот. Ал эми кеп өстүрүү багытындагы монологдук кептин продуктивдүү түрлөрүнөн *искусство таануучулук, көркөм-чыгармачыл* багыты жогорку класстарда каралат. Докладдын *маалыматтык түрү* эч кандай талаш-тартышты туудурбай турган ачык-айкын жана окуучу үчүн жаңы материалдарды берүү болуп саналат. Мындай баяндама менен таанышуу баланын адабий жана маданий ой чабытын кеңейтет, обзордук жана монографиялык темадагы адабий курстар боюнча билимин тереңдетет.

*М: «Эпосту изилдеген чет элдик окумуштуулар», «Залкар манасчылар», «Жусуп Мамай – Кытайдагы кыргыз манасчысы», «Эпостогу баатырдык мотивдер», «Эпостогу аялдардын образы».*

Ал эми *изилдөөчүлүк баяндаманын* негизги маңызы окуучунун көркөм, илимий, публицистикалык текстти өз алдынча карап,

андагы маселелерди аныктап берүүсү болуп саналат. Мында өз алдынча таанышкан материалдар боюнча өз оюн жана позициясын билдирүү алдыңкы орунга чыгат. Окуучу же окуучулардын тобу 8-класста эле белгилүү бир темага кызыгып суроо берип, аны ар тараптан карап чыгууну жана өз алдынча жаңы көз карашты талап кылган маселенин болушу кажет.

*М: Манас айтуу өнөрбү же Теңир берген белекпи? Манас баатыр Бээжинге чейин барганбы? Эпостун немец жана орус тилдерине кимдер, кандайча которгон?*

Кийинки иштин түрү коомдук турмушта активдүү позицияны кармап, өз оюн билдире алган *кептик инсанды* калыптандырууга шарт түзөт. Бул шарттар окуучу адабият таанууда жана адабий сында айтылган ар түрдүү пикирлерди баалап, бул маалыматтарды талдоонун негизинде *проблемалык-талкуу түрүндөгү баяндаманы* даярдаганда түзүлөт. Мындай докладдар сабактын чыгарманы терең талдоо, жыйынтыктоо этаптарында же факультативдик сабактарда даярдалып айтылат. Бул талаш-тартыш маселеде эки топтун окуучулары эки башка позициясын жактап, оозеки *диспут сабактарын өткөрсө да болот*, мугалим ар бир окуучу чыгып, өз көз карашын жактоого мүмкүндүк берет.

*Мисалы*: кошумча материалдар катары эпостогу талаш маселелерди изилдеп келе жатышкан төмөндө берилген авторлордун көз караштары чагылдырылган адабияттарды окуучуларга сунуштап, алардын негизинде ар кандай темадагы проблемалык талкуу докладдарды даярдаса болот деген ойдобуз [5; 6].

Монологдук кептин натыйжалуу түрлөрүнө жогоруда токтолгон чыгармачыл суроо-тапшырмалар, баяндамадан сырткары, көркөм сөз каражаттарын колдонуп *көркөм стилде айтып берүү*, ал эми адабий сын менен адабият таануу эмгектерине таянса, *публицистикалык же сын макалалардын негизинде* айтып берүү кирет. Оозеки айтып берүүнүн бул түрлөрүнө окуучуну 8-класста кылдат даярданып, ийгиликтүү чыгып сүйлөп, пайда болгон суроолорго так жооп бериши жана өзүн ишенимдүү алып жүрүшүүгө даярдоо зарыл. Анткени оозеки кептин мындай көндүмдөрү заманбап *жумшак көндүмдөргө* кире тургандыгын жакшы билебиз. Негизинен учурда окуучулар жалпы аудиториянын алдында сүйлөп, *өз оюна башкаларды ынанадыра алган* көндүмдөрүнө ээ болууга ортоңку класстарда эле машыгуусу зарыл. Анткени **питчинг (*таштоо, ортого салуу*)** – дүйнөдөгү эң баалуу жөндөм деп эсептелинет. Бул көндүм – эл астында өз ой-пикирин, идея, бизнес план, долбоордук иш, командалык иш-аракеттерди кыска, так жана жеткиликтүү айтып берүү чеберчилиги. Демек, жеке өз көз карашын иштеп чыгуу, ар бир нерсенин жакшы, жаман жагын таап, талдай билүү *(сынчыл ойлом)*, ар бир нерседен жаңы нерсени жасай билүүдөн (*креативдүү жөндөм*) да башкаларга өз оюн жеткиликтүү айтып бере алуу, оозеки сөз менен ойдун маанисин жеткирүү, башкаларды өз идеяң, ойлоруң менен *ынандыруу эң биринчи позицияга* чыкканын аңдай билишибиз зарыл. Адабиятчы-окумуштуу А.Ж. Муратовдун бул маселеге көз карашын келтиребиз: «Демек, ушул жерден адабият сабагынын башка предметтерден олуттуу айырмачылыгы келип чыгат – ал сабак *сүйлөө сабагы, оюн кеңири айтуу сабагы* ошон үчүн да баланы сүйлөөгө, кеңири сүйлөөгө үйрөтүү керек, аны үчүн сүйлөбөгөн баланы «кыйнап», суроолорду биринин артынан бирин жаадырып, көп жана маанилүү, көркөм сүйлөөгө көнүктүрүү зарыл» [7]. Ошондуктан окуучулар менен бул көндүмдөрдү калыптандыруу боюнча адабият сабагындагы «Манас» эпосу боюнча оозеки айтып берүүнүн түрлөрүнө машыктырып, бул баалуу көндүмдү андан ары калыптандыруу мугалимдин маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат.

«Манас» эпосун окутуу процессиндеги кеп өстүрүү сабагынын негизги милдети – окуучунун кебинин көркөмдүгү, тууралыгы гана эмес, өз ойлорун башкаларга жеткиликтүү айта билүүсү, баарлашуу жана мамиле түзүү көндүмдөрүн калыптандыруу экендигин жогоруда белгилеп өттүк. Азыркы учурдагы технологиялар өнүккөн учурда

жандуу баарлашуу, башкалардын оюн угуп, түшүнүп аларга жекече позициясын түшүндүрө билүү жөндөмдөрү өспүрүмдүн күнүмдүк турмушунда, социалдык чөйрөсүндө да сейрек кездешкен көрүнүшкө айланууда. Ошондуктан, заманбап адабият сабагында окуучуларды өз ара пикир алышууга, өз ойлорун талашып-тартышып сүйлөп чыгууга жана башкалардын оюн уга билүүгө үйрөтө турган сабактын активдүү формаларын тандоо максатка ылайык келет. Сабакта тартынчаак, пассивдүү окуучулар да, эмоционалдык көтөрүңкү маанайда өтүүчү, көптөгөн маалыматтарды жана билгичтиктерди талап кылган диспутка тартылып сүйлөй башташат. Анткени мында ар бир айткан оюң жана маалымат, сунуштарың үчүн баа коюлбайт, сени угуп жаткан классташтарың менен эркин мамиледе өз пикириңди кошо аласың. «Сингапур технологиясын окутуу процессинде колдонууда окуучуларга (студенттерге) даяр материал берилбейт, өздөрү керектүү өтүлүүчү тема боюнча теориялык билимдерди алышат да, аларды практика жүзүндө оңой жана жөнөкөй өздөштүрүшөт. Натыйжада, билим берүүнүн сапаты өркүндөйт, студенттердин билим алуусу активдешет, өз алдынчалыгы, жоопкерчилиги жогорулайт, өз оюн так, эркин айта алуусу калыптанат, сүйлөө кеби өсөт жана бул жетишкендиктери практикада иш жүзүнө ашат» [8]. Изилдөөчүлөр учурда окутуу практикасында жигердүү колдонула баштаган алдыңкы өлкөлөрдүн жетишкендиктери да окуучунун өз алдынча, жоопкерчиликтүү билим алуусуна өз оюн эркин жана так айта билген оозеки сүйлөө кебинин жогорку деңгээлине негизделгенин белгилешкен.

Ошондуктан ***диспут-сабак*** методисттердин оюу боюнча сабактын активдүү формасындагы эркин пикир алмашуу гана эмес, баланын жан дүйнөсүнүн жаркын жагынын кенен ачылышы, жогорку деңгээлдеги баарлашууга жол ачкан жамааттык иш болуп саналат. Ошону менен бирге, окуучуну келечектеги турмуш жолундагы эң зарыл жумшак көндүмдөргө, өз идеясын башкаларга жеткиликтүү формада айта билүү менен, алардын позициясын эске алып баарлашуу, жалпы жыйынтыкка келүү маданиятын сактоого машыктырат. Учурдагы көптөгөн билимдүү, бирок башкалардын ою менен эсептешпеген же алар менен маданияттуу талкуу жүргүзүп, өз оюн ырааттуу далилдей албаган инсандарды көп учуратабыз. Ал эми жетилген демократиялуу коомдун эң негизги белгилеринин бири катары башкалардын оюн угуп, алардын аргумент, далилдерин талдап жыйынтык чыгара билүү, эки тараптын чындыгы аркылуу бири-биринин оюн байытуу жана макулдаша алуу болуп саналат эмеспи. Мындай баалуу көндүмдөргө адабият сабагында өткөрүлүүчү диспут сабактары негиз боло ала тургандыгын дагы бир жолу белгилейбиз.

«Манас» эпосун окутуу процессинде да окуучунун кебин өстүрүүгө түрткү берген мындай активдүү формадагы сабактарды өткөрүү тажрыйбасы менен бөлүшсөк. Диспут сабактын ийгилиги ошол сабактын негизинде эки түрдүү, эки башка көз караштардын болушу жана ал позициялардын бири–бири менен маданияттуу, сабырдуу талаш-тартышынан жаралган реалдуу чындыкка келе билүүгө байланыштуу экендигин жакшы билебиз. «Манас» эпосу боюнча абдан актуалдуу *«Манас» эпосундагы каармандар тарыхый инсандарбы?», «Эпостогу топонимдик аттар реалдуубу же ойдон чыгарылган адабий фантазиябы?»* деген маселе кайчылаш пикирлерди жараткан темалар болуп саналат. Бул темага киришүү алдында окуучулар өз алдынча кошумча адабияттарды окуп, ар бир тарап аргументтерин даярдап келишет. Адабият сабагын башка предметтер менен интеграциялап окутуу, айрыкча тарых сабагы менен ыктуу айкалыштыруу жана эпосту жыйынтыктоо сабактарындагы методикалык ыкмаларды колдонуу С.К.Рысбаевдин, М.К. Мадумарованын илимий эмгектеринде ар тараптуу жана мазмундуу берилгенин белгилейбиз [10; 11]. Эң негизгиси, окуучулар интеллектуалдык таймаштын, талашып-тартышуу эрежелерин сактоого үйрөнүүсү зарыл. Ошондуктан жалпы класс үчүн

төмөнкүдөй сүйлөмдөрдү чогуу түзүп, ачык жерге илип койгон максатка ылайык келет.

- Талашып-тартышуу алдында эмне тууралуу айтуу керектигин жакшылап ойлонгун;
- Башкалардын оюн кунт коюп уккун, сөзүн бузбагын. Курдаштарың менен ак ниеттен талашып-тартышуу зарыл, анын айта турган оюн башкача көрсөтүүгө аракет жасабагын;
- Далилдин эң мыктысы жана туурасы – бул факт экендигин унутпагын;
- Башкалардын оюн четке кагып, өз оюңду далилдегенде так, ачык, жөнөкөй айта билгин;
- Эгерде сенин көз карашыңдын жаңылыштыгын далилидеп беришсе, өз каршылашыңдын чындыгын кабыл алууга кайратың жетсин;
- Оюңду жыйынтыктар менен так бүтүрө билгин;

Андан кийин гана сабактын максатын, негизги этаптарын жана натыйжаларын окуучулар менен бирдикте аныктап алабыз. Диспут-сабак да талаш-тартыш жараткан теманы аныктоо, ал проблеманы ар тараптуу жана терең, мазмундуу талдоо менен жыйынтыктоо этаптарын камтыйт. Талаш-тартышты жаратуучу тема аныкталып, сабактын башталышында класстагы окуучулар эки топко бөлүнүшөт. Бул топто *талкууну уюштуруучу жетекчи, идеялардын генератору, аткаруучу, изилдөөчү жана оппозиционер* болушу мүмкүн. Топтогу жетектөөчү функцияны аткарган окуучуга эң маанилүү төмөнкүдөй милдеттер жүктөлөт:

- Ар бир окуучунун көз карашын айтууга мүмкүнчүлүк берилет;
- Талкууланып жаткан маселеден четтеп кетүүгө болбойт;
- Талаш-тартышта бири-бирин басынтууга жол берилбейт.

*Изилдөөчү* жана идеялардын генератору ар бир келип түшкөн идеяларды ар тараптуу талдап жыйынтыктап турушат. *Аткаруучу* аларды кагазга түшүрүп, негизги ойлорду жазып турушу зарыл. Эң негизги милдетти *оппозиционер* аткарышы керек, анткени ал кабыл алынган же четке кагылган идеяларды аргумент менен камсыз кылат. Ал окуучу билими терең, курдаштарынын алдында сыйурматка ээ болгон жана көп фактыларды талдай билген аналитикалык жөндөмү бар окуучу болушу зарыл. Жогоруда айтылгандай окуучулар талаш туудурган тема боюнча кошумча адабияттарды окуп, талдап жана жыйынтыктап даярданышат.

Окуучулар эпостун идеялык мазмуну боюнча сабактардан алган билим-билгичтигин жана факультативдик сабактарда талкууланган темалар боюнча маалыматтарды талдап түшүнүү аркылуу талаш туудурган маселени ар тараптуу кароого даяр болушат деп айтууга болот. Бул тема боюнча төмөнкүдөй *көйгөйлүү суроолор* талкууга коюлат:

*1. Эпостогу башкы каармандар Манас менен Алманбеттин тарыхый прототиптери барбы?*

*2. Эпостогу топонимдик аттар чыныгы географиялык аймактардын аталышы боло алабы?*

Биринчи маселе боюнча окуучулар топто пикир алмашып, өз маалыматтарын такташат жана талдашат. Андан кийин гана ар бир топтон окуучулар чыгып, өз фактыларын, далилин ортого салып айтышат. Бул маселе боюнча *тарыхчылар жана адабиятчылар* болуп эки көз караштагы окуучулар таймашат. Алар жогоруда берилген эрежелерди сактоо менен өз көз караштарын тарыхый планда же адабий багыттагы фактылар жана эпостон алынган мисалдар менен так, мазмундуу, ырааттуу сүйлөшөт.

*1-маселе боюнча жыйынтыктоо:* Эпостогу Манас жана Алманбет сыяктуу каармандар ар кайсы мезгилдерде жашаган баатыр хандардын жана белгилүү баатырлардын, инсандардын прототиби болушу да мүмкүн. Кыргыздар баатыр өлсө да, анын өлүмүн ашкере кылбай, ордуна кыйын чыккан башка баатырларды Манас деп, анын айланасында биригип турушкан. Жер коргогон, элди сактаган баатырлардын тарыхый прототиби да болушу мүмкүн, көркөм чыгарма катары фантазиялык ойдон чыгарылган учурлар да кездешет. Натыйжада,

кыргыз тарыхтан аты өчүп кеткен элдер сыяктуу, кырылып кетүүдөн сактанып, Манасты, Алманбетти тарыхтагы баатырлардын прототибин эпостогу көркөм образ түрүндө сактап калган деп айтсак болот.

*Эпостогу топонимдик аттар чыныгы географиялык аймактардын аталышы боло алабы?* деген маселе боюнча да окуучулар эки топто пикир алмашып, өз көз караштарын ортого салышып, маалыматтарды жыйынтыкташат. Оозеки таймашка даяр болгон окуучулар ортого чыгып эпостогу географиялык аттарга байланыштуу ойлорун так, мазмундуу, көркөм жана далилдүү фактылар менен айтып беришет.

*2-маселе боюнча жыйынтык:* Эпостогу окуялар болуп өткөн жерлер тууралуу баяндаган манасчылар эмпирикалык билимге б.а. илимий жактан такталбаган өздүк маалыматтарга же мурда айтылып келе жаткан тексттеги аталыштарга таянган. Зор географиялык аймакты камтыган эпикалык окуяларда аталган топонимикалык аттар азыркы учурдагы жер-суунун аталыштарына туура келгени же дал келбей ойдон чыгарылганы да болушу мүмкүн. Ошондуктан алардын аталыш маанилери, тилдик-тарыхый жактан изилдеп салыштыруу жана аныктоо, кийинки муундун илимпоздорунун милдети деген ойдобуз.

Окуучулардын бир тобу эпостун башкы каармандары жана тарыхый окуялар, топономдик аталыштар тарыхый реалдуулукка туура келет деп далилдешет. Топто талкуулашып чогулткан фактыларды, тарыхый маалыматтарды такташат. Ал эми эпостун идеялык мазмуну болгону адабий чыгарма, көркөм образдардын көчмөн элдин элестетүү жөндөмүнүн туундусу деп экинчи топтогу окуучулар далилдеп чыгышат. Оозеки айтып берүүнүн бул түрлөрүнө окуучу кылдат даярданып, ийгиликтүү чыгып сүйлөп, пайда болгон суроолорго так жооп бериши жана өзүн ишенимдүү алып жүрүшү заманбап *жумшак көндүмдөргө* кире тургандыгын белгилейбиз. Мугалимдин бул учурдагы милдети топтогу талкуунун туура багытта жүрүшү, каалоочуларга учурунда сөз берүү, сүйлөп жаткан окуучунун регламентти сактоосу жана талаш-тартыштын маданияттуу, маңыздуу жыйынтыкка келиши болуп саналат.

**Корутунду.** Демек, сабак-диспут класс-жамааттык иш формасы катары башкалардын оюн уга билүүгө, карама-каршы пикирди далилдер, фактылар менен мазмундуу айта билүүгө жана далилдөөгө үйрөтөт жана биримдикке тарбиялайт. «Манас» эпосунун негизинде жүргүзүлгөн оозеки кеп өстүрүү ишинин жигердүү ыкмаларын колдонуу улуттук тил байлыгын камтыган эпикалык чыгарманын бай лексикасына негизделип, окуучунун оозеки кеби азыркы учурдун талабына ылайык ишенимдүү, так гана болбостон көркөм жана мазмундуу болуусуна шарт түзө тургандыгын белгилейбиз. Мындай оозеки кептик жана социалдык көндүмдөр коомдун келечектеги мүчөсүнүн руханий-адептик жана иштиктүү-практикалык сапаттарынын жеткилең болушуна шарт түзөт деп эсептейбиз.

***Адабияттар:***

1. Шериев Ж. Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү [Текст]: мектеп окуучулары үчүн. Ж. Шериев, А. Муратов. – Б.: КЭнин башкы редакциясы, 1994. – 160-б.
2. Байгазиев С.О. Манас баатырдын образын интерактивдүү усул менен үйрөнүү. [Текст] / С.О. Байгазиев. – Б.: Билим, 2008. – 37 б.
3. Исаков Б. «Манас» эпосун окутуу [Текст] / Б. Исаков. – Ф.:,1989. – 73 б.
4. Оторбаев Б.К. Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу. [Текст] / Б. Оторбаев. – Б.: «Аят», 2012. – 96 б.
5. Токтогазиев Т.Ш. Айкөл Манас – тарыхый инсан. Алтайдагы, Ала-Тоодогу, Бээжиндеги издер. [Текст] / Т.Ш. Токтогазиев. – Б., 2013. – 358 б.
6. Улуу «Манас» жана анын фальсификаторлору. [Текст] / Түз. С. Алахан ж.б. – Б., 2013. – 358 б.
7. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы [Текст] / А. Муратов. – Б.: «Турар», 2013. – 554 б.

8. Ишекеев Н.И., Борубекова Г.К. Заманбап окутууда Сингапур технологиясын колдонуу жараяны // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2024. – №2 (63). – С. 10-16.
9. Турусбекова А. Сынчыл ойлом башатында өтүлгөн сабакта окутуу жана тарбиялоо иштери. [Текст] / А.Турусбекова / Эл агартуу. – 2005. – № 5-6. – 40-43-б.
10. Мадумарова М.К. Жогорку окуу жайларда Манас таануу курсун тарых предмети менен интеграциялап окутуунун илимий-методикалык негиздери. [Текст]: М.К. Мадумарова дис...пед.и.к: 13.00.02. / – Б., 2016. – 179 б.
11. Рысбаев С.К. Манас таануу боюнча тесттик тапшырмалардын топтомдору. [Текст] / Жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери, кыргыз тили жана адабияты мугалимдери үчүн окуу-усулдук колдонмо / С.К. Рысбаев, М.К. Мадумарова. – Б., 2016. – 48 б.

***Рецензиялаган:***
***Рысбаев С.К.,***
***КББАнын мүчө-корреспонденти,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***